| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>БАЙЗАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги XIV-сессиясы**

2024-жылдын 26-июлу № 14/5

**Байзак айыл аймагындагы "Кайырма Дыйкан" муниципалдык ишканасынын алдындагы "Көлмө" жана "Домпой-Булак" ИСКАКБынын таза сууга болгон тарифин бекитүү жөнүндө.**

Байзак айыл аймагындагы "Кайырма-Дыйкан" муниципалдык ишканасынын директору Т.Орозалиевдин "Кайырма Дыйкан" муниципалдык ишканасынын алдындагы "Көлмө" жана "Домпой-Булак" ИСКАКБынын таза сууга болгон тарифин бекитүү боюнча сунушун карап талкуулап, Байзак айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат**.

1. "Кайырма-Дыйкан" муниципалдык ишканасынын алдындагы "Көлмө" жана "Домпой-Булак" ИСКАКБынын таза сууга болгон тарифи үйгө киргизип алгандарга киши башына айына 20 (жыйырма ) сомдон ал эми көчөдөн ташып ичкендер үчүн киши башына айына 15 (он беш) сомдон бекитилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Женалиевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом bayzak.gov.kg сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн. Каттоодон өткөрүү Байзак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Кадырбаев Русланбек Жумагуловичке милдеттендирилсин.

Байзак айыл аймагынын
айылдык кенешинин төрайымы: Т.Т.Акматова